

# 8-март - Эл аралык аялдар күнү майрамыңыздар менен!

Ош облустук коомдук-саясый гезити
www.oshinfo.kg
# Ош жаңырыгы
ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"
№6 [17002] ИШЕМБИ, 07/03/2026

## ОШМУНУН ИЛИМ, ИННОВАЦИЯ ЖАНА ГЛОБАЛДЫК ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДАГЫ ИРИ СЕКИРИГИ



4-5-беттерде

## Энергетиктер - эл кызматында



8-бетте

## ПРЕМЬЕРАЛАР ЖУМАЛЫГЫ




6-бетте

## Прокурордук көзөмөл



6-бетте

**“Ош жаңырыгы” сиздер менен!**

“Ош жаңырыгы” гезитине 2026-жылдын I жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

**Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана), 1 жылга 1200 сом.**

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

Ош облустук коомдук-саясый гезити
Ош жаңырыгы

# 8-март - Эл аралык

## Айымдар сый-урматка татыктуу



Кара-Суу-республикадагы ири район. Анын аймагында жайгашкан мекеме-ишканаларда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында аял заты квота боюнча иштешет. Райондогу 4 мекеме-ишкананын жетекчилери айымдар. Жалпысынан алганда шаардык жана жергиликтүү Кеңештерге 126 айым депутат болуп шайланып, райондун социалдык-экономикасын көтөрүүгө өз салымдарын кошуп келе жатышат.

Райондо аялдардын эл аралык майрамы зор салтанат менен белгиленип, көп балалуу Баатыр энелерге, өндүрүштүн алдыңкыларына, Баткен согушунда курман болгон жоокерлердин жубайларына жана ардагер айымдарга арналган атайын массалык иш-чаралар уюштурулуп, аларга белектер тапшырылды.

Жаш кезинде мамлекетибиздин гүлдөп өнүгүшүнө чоң салым кошкон, убагында өзүнүн талыкпас ак эмгеги менен башкаларга үлгү болгон Социалисттик Эмгектин Баатыры Тургун Машрапова эжебизге өзгөчө көңүл бурулуп, колдон келген чоң сый-урмат көрсөтүлдү.

Учурдан пайдаланып, үйдүн куту болгон энелерди, эже-сиңдилерди аялдардын эл аралык майрамы менен куттуктап, аларга бекем ден соолук үй-бүлөсүнө тынчтык каалайм!

**Айжан Куланова,**
**Кара-Суу райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин орун басары.**

## Дарыгер - ден-соолуктун сакчысы



Дарыгерлик кесип бул жөнөкөй кесип эмес. Адамдын өмүрү менен түздөн-түз байланышкан өтө жоопкерчиликтүү кесип десек болот. Ноокат аймактык ооруканасынын терапия бөлүмүндө эмгектенген "Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоосунун мыктысы, жогорку категориядагы дарыгер Ирсалат Имарованын эмгеги чоң.

Ирсалат Имарова бейтаптарды күнүмдүк дарылоодон тышкары оор кырдаалдарда саламаттыкты сактоо тутумунун талаптарына жооп берүүчү практикалык чечимдерге да дем берген адис болуп эсептелет. Дарыгер ооруканада медициналык кычкылтек станциясын түзүүгө байланыштуу иш -чараларда, анын пайдасы, функциясы жана насыяттуулугу жөнүндө калкка түшүндүрүү иштерин мыкты жүргүзгөн адис. Тиешелүү жабдуулардын киргизилиши менен оор абалда келген бейтаптардын абалын тезинен стабилдештирүүгө жана узак мөөнөттүү оорулардан сактоого мүмкүнчүлүктөр болгондугун белгилейт.

2020-жылга чейин ооруканада өтө көп кыйынчылыктар болчу. Ал эми азыркы учурда болсо бардык бөлүмдөрдө, айрыкча, тез жардам бөлүмүндө кычкылтек менен жабдуу бар. "Биз оор абалда келген бейтаптарды 2, 3 күндө стабилдештирип, тез эле оордуксуз айыктыра алабыз", -дейт Ирсалат Имарова. Дарыгердин күнүмдүк иши - терапия бөлүмүнө сыркоолоп келген адамдарды кабыл алуу, медициналык анализдерди жүргүзүү, диагноз коюу жана дарылоо.

Дарыгер бейтаптар менен жумуш алып барууда сабырдуулугу, так диагностика коюу, медициналык стандарттарды колдонуусу менен саламаттыкты сактоо тутумунда олуттуу салымын кошуп келе жатат.

## ЭЛ ҮЧҮН КЫЗМАТ — МЕНИН БАШКЫ МИЛДЕТИМ



Коомдун өнүгүшүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролу чоң. Эл ишенимин актап, шаар турмушунун ар тармагында активдүү иш алып барган депутаттардын эмгеги өзгөчө баага татыктуу. "Жаңы Кыргызстан" партиясынан депутат болуп шайланган Бекташова Гүлмира Рашитовна мыйзамдуулук, укук-тартип жана коомдук ынтымак маселелерине өзгөчө көңүл буруп, тиешелүү комиссиянын мүчөсү катары активдүү иш алып барууда. Ал коомдук иштерге кайдыгер карабаган, мыйзамдуулукту жана тартипти бекемдөөгө салым кошуп келе жаткан эл өкүлдөрүнүн бири.

Эл ишенимин аркалоо — чоң жоопкерчилик. Коомдун үнүн угуп, элдин көйгөйүн жеткирүү ар бир депутаттын башкы милдети болуп саналат. Ош шаардык Кеңешинин депутаты Бекташова Гүлмира да ушундай жоопкерчиликтүү жолду тандап, шаар тургундарынын кызыкчылыгын коргоп келе жатат.

Ал депутаттык ишмердүүлүгүнүн негизинде — элдин көйгөйүн жеринде угуп, аны чечүүгө салым кошууда. Эл өкүлү катары ар бир кайрылууга жоопкерчилик менен мамиле кылып, жарандардын үнүн тиешелүү органдарга жеткирүүнүн аракетинде болууда.

Алсак, өткөн мезгил ичинде Ош шаарынын Ак-Тилек аймагында инфратүзүмдөрдү жакшыртуу багытында бир катар иштер аткарылды. Тургундардын кайрылуусунун негизинде эки көчөгө асфальт төшөлүп, жол маселеси чечилди. Бул иш аймактагы жашоочулар үчүн чоң жеңилдик жаратып, коопсуз жана ыңгайлуу шарт түзүүгө өбөлгө болду.

Мындан сырткары, жарандардын социалдык маселелерине көңүл буруу максатында коомдук мончо (мамлекеттик баня) ачуу боюнча сунуш берилди. Себеби жеке мончолордун баасы кымбат болуп, айрым жарандар үчүн жеткиликтүү эмес. Мамлекеттик мончо ачылса, калк үчүн жеткиликтүү кызмат көрсөтүлүп, социалдык колдоонун дагы бир маанилүү учуру ишке ашат.

Ошондой эле шаардык кеңештин сессияларында мыйзам долбоорлорун талкуулоодо активдүү позицияны карманып, жергиликтүү бюджеттин ачык-айкын жана максаттуу пайдаланылышын көзөмөлдөөгө катышууда. Анын эл менен тыгыз байланышта болуп, алардын сунуш-пикирлерин угуу жана тиешелүү мекемелерге жеткирүү депутаттык ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын бири болуп саналат.

Депутаттык мандат — бул чоң ишеним жана жоопкерчилик. Элдин ишенимин актоо үчүн мындан ары да таза, адилет жана натыйжалуу иш алып барууну уланта берет деп ишенебиз.

**А.САПАРБАЕВА.**

## Саламаттыкты сактоо - маанилүү

Токторова Динара Сатыевна 1994-2000-жылдары Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинин дарылоо бөлүмүн аяктаган. 2000-2002-жылдары Кыргыз мамлекеттик медициналык институту жана квалификацияны жогорулатуу институтун, үй-бүлөлүк медицина боюнча ординатураны, 2023-жылы М. Рыскулов атындагы Кыргыз экономикалык илимий изилдөө университетин кесиптик кайра даярдоо, саламаттыкты сактоону башкаруу боюнча аяктаган. Кесиптик тажрыйбасы боюнча айтсак, 2016-2021-жылдары Кара-Суу үй-бүлөлүк медицина борборунун директору болуп үзүрлүү эмгектенген. Жамаатты башкаруу, бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу, калкка медициналык кызмат көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жогорулатууну колго алган.

2007-2016-жылдары Ош облустук СПИДге каршы күрөшүү борборунда бөлүм башчы, лаборатория башчысы, 2006-2007- жылдары үй-бүлөлүк дарыгер кызматтарын аркалаган.

2021- 2022-жылдары Кара-Суу жалпы дарыгерлик практика борборунун директорунун орун басары болуп эмгектенген. 2023-2024-жылдары Ноокат аймактык ооруканасында директордун милдетин аткаруучу болуп эмгектенип турган мезгилде, ооруканаын жалпы ишмердүүлүгүн башкарууга, каржылык жана кадрдык саясатты жүргүзүүгө, ички көзөмөл жана сапат менеджмент системасын жакшыртууга өзүнүн үлүшүн кошту.

2025-жылдан бери Ош облусу боюнча саламаттыкты сактооону координациялоо бөлүмүнүн координаторунун орун басары болуп эмгектенүүдө. Аймактык саламаттыкты сактоо уюмдарынын иштешин координациялоо, стратегиялык пландаштырууну жана аткарууну көзөмөлдөө, медициналык кызмат көрсөтүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча иш-чараларды уюштурууда. Саламаттыкты сактоо тармагындагы көп жылдык клиникалык жана жетекчилик тажрыйбасына



таянып, медициналык мекемелердин натыйжалуулугун жогорулатуу, кадрдык потенциалды өнүктүрүү жана башкаруунун заманбап ыкмаларын киргизүү аркылуу тармактын туруктуу өнүгүшүнө салымымды кошууда.

**Б. Ысакова.**

## Азыркы доордун кол өнөрчүсү

Кыргыздын салттуу кол өнөрчүлүгүндө аялдардын орду өзгөчө. Алар салттуу өнөрдү заманбап дизайн менен айкалыштырып, ички жана тышкы рынокко чыгарып жатышат. Кол өнөрчүлүк көптөгөн аялдар үчүн киреше булагы болуп, үй-бүлөнүн бакубат жашоосуна салым кошууда. Шырдак, ала кийиз, туш кийиз жасоо, жип ийрүү, сайма саюу, кийим тигүү, бешик жабдуулары – жөн гана кол эмгеги эмес, тарбиянын бир бутагы.

Байжигитова Жаңыл мектепте окуп жүргөндөн бери эле кол өнөргө аздектеп келүүдө. Ал 1983–1984-жылдары кесип үйрөнүү үчүн тигүүчүлүк курстан окуган. Кийин 1984–1985-жылдары Кесипчилик -техникалык окуу жайынын агрономия бөлүмүн бүткөн. 1996–1998-жылдары Россия Федерациясынын Новосибирск облусундагы Тогучин шаарындагы Токой чарба техникумун бухгалтерия адис-



тиги боюнча бүтүргөн.

1989-жылы Кара-Кулжа районунун Тельман, азыркы Биймырза айылына келин болуп түшүп, өмүрлүк жолдошунун фамилиясын кабыл алып, кыз кездеги фамилиясын өзгөрткөн. Баимбетова Жаңыл Сайранбаевна бүгүнкү күндө 4 уул, 1 кыздын мээримдүү апасы, 8 неберенин бактылуу чоң энеси. Уулдары Элгиз, Максатбек, Аскатбек, Марсел, ал эми кызы Асел.

Ал 2020-жылдан бери койдун жүнүн кайра иштетип, кийиз басат, шырдак жасайт, килем согот. Эл ичинде унутта калып бара жаткан кол өнөрчүлүктү жандандырып, айрыкча сайма саюу өнөрүн жаш муундарга үйрөтүү менен улуттук баалуулуктарды сактоого салым кошуп келет. Ошол эле учурда Биймырза айылындагы "Керемет" шайыр апалар тобун жетектейт.

Анын эмгеги – улуттук кол өнөрчүлүктү кийинки муунга жеткирүүгө багытталган изги иш. Анын мээнеткечтиги жана улуттук мураска болгон урматы көпчүлүккө үлгү болуп саналат.

**А.Матиева.**

# аялдар куну

## Агартуучулардын үй-бүлөсү



Мен 1947-жылы Түп районунун Арал айылында туулгам. Айылдагы 7 жылдык мектепти аяктагандан кийин Пржевальск (азыркы Кара-Кол) шаарындагы Токтогул Сатылганов атындагы мектеп-интернатта окуп калдым. Орто билимге ээ болгондон кийин 1963-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинин кыргыз тили жана адабияты бөлүмүнө кирүү экзамендерин тапшырдым. Конкурстан ийгиликтүү өтүп, биринчи курска кабыл алынгам. Биз К.Юдахин сыяктуу белгилүү окумуштуулардын билим алып калдык. Университетти аяктап жатып, тагдыр-насип экен, өзүм менен бирге окуган ноокаттык Матаипов Бактыбай аттуу жигит экөөбүз баш кошконбуз.

1970-жылы жогорку окуу жайын аяктагандан кийин жолдошум жашаган райондогу Көк-Жар орто мектебинде барып иштеп калдык. Мектеп чоң мектеп болчу. Окуучулардын саны көп, педагогикалык жамаат да чоң экен.

Анда жашпыз, берилип иштедик. Биздин аракетибизди жетекчилик, жамаат да баалап, дарегибизге жылуу сөздөрүн айтып, ого бетер шыктанып калабыз.

Көк-Жарда он жыл иштедик.

1980-жылы Алашан айылындагы мектеп орто мектепке айланганда жолдошум ага директор болуп дайындалып, экөөбүз ошол жерге которулдук. Ал ишке абдан берилген адам болчу. Эртең менен кечке чейин мектепте болуп, балдардын түйшүгү менде эле.

Жолдошум 2005-жылы капилеттен каза болуп калды. Ал кезде райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Саадат Сатарова болчу. Аял киши табигатынан калыс, баамчыл болот эмеспи. Ал жолдошум Матаипов Бактыбайдын эмгегин баса белгилеп, анын атын мектепке ыйгаруу демилгесин көтөрүп чыкты. Элден айланса болот, анын айтканын бир ооздон колдоп чыгышты, бирөө да каршы чыкпады. Мен баш-аягы болуп мектепте 43 жыл иштедим.

Колумдан жүздөгөн жаш муундар билим, тарбия алышты. Мугалим түйшүктүү кесип болсо да сыймыктуу кесип эмеспи. Жолуккан жерде ийилип салам айтышат. Ошого төбөм көккө жетип калат. Көп жылдык эмгегим бааланып, көптөгөн Ардак грамоталар, "Эл агартуу", Ардагер мугалим" төш белгилери менен сыйлангам. Жолдошум экөөбүз 1 уул, 3 кызды тарбиялап өстүрдүк. Балдардын баары мугалим. Уулум Нурлан, кыздарым Жамила, Айнура, Акмөөр, келиним Мухабат, небере келиндерим да мектепте мугалим болуп иштешет. Айылдаштарыбыз бизди "агартуучулардын үй-бүлөсү" деп аташат. Ага мен сыймыктанам. Учурдан пайдаланып, агартуу тармагында эмгектенип жаткан айымдарды аялдардын эл аралык майрамы менен куттуктап, алардын иштерине ийгилик, үй-бүлөлүк бакыт-таалай каалайм!

**Мария Асылбаева,**
**ардагер мугалим**

## Баатыр эне, тажрыйбалуу мугалим



8-март жаз майрамынын алдында баарлаша турган каарманыбыз, "Баатыр эне", мээримдүү, боорукер, жароокер жар, жолдошунун өмүрлүк жары, уул-кыздарынын сүйүктүү апасы,неберелеринин чоң энеси, таэнеси Замира Жумабаева жөнүндө сөз кылабыз.

Замира айым Ноокат районундагы Кыргыз-ата айыл өкмөтүнүн Борко айылында туулган. Атасы Жумабаев Мидин энергетика тармагында өмүр бою эмгектенген. Апасы Жумабаева Лола да эмгекчил, балдарына мыкты тарбия берген, камкор эне болгон. Союз мезгилинде "Эмгек Кызыл-Туу", "Ленин" орденин ээси,"Урал" мотоцикли менен сыйланган. Ал мезгилде Москва, Ленинград, Киев шаарларына жолдомо аркылуу барышып келишкен дейт,- Замира айым.

Ал орто мектепти аяктаган соң Ош шаарындагы Ныязалы атындагы мамлекеттик музыкалык окуу жайына тапшырат. Кийин турмуш шартка байланыштуу өмүрлүк жары Өзгөн районунун мырзасы Тенти Каримов менен баш кошуп, уулдуу жана кыздуу болушуп, үлгүлүү үй-бүлө аталышат. Тарбия берген уул-кыздарын жогорку окуу жайларына окутушуп, турмуш жолуна узатышты. Алар да ата-энесинин кесибин улантышып, музыкалук жогорку окуу жайларынан билим алышты.

Замира айым үчүн окуучуларынын ийгиликке жетүүсү, кесиптик ишинде эң чоң сыймык болуп эсептелет. Мамат Оморов атындагы музыкалык мектебинде маданиятты өнүктүрүүгө өзүнүн салымын кошуп, келечектеги таланттарды таптап, уядан учуруп, билим берүүдө. Окуучуларга музыкалык теориядан сырткары аспаптарда ойноону, ырдоону, ритмди сезүү сыяктуу көп кырдуу көндүмдөрдү үйрөтөт. Музыка аркылуу жаштарга эстетикалык рахат тартуулап, алардын чыгармачылыкка болгон кызыгуусун арттырат. Ай сайын окуучулар менен биргеликте концерттерди уюштуруп, ата-энелерге майрамдык кече тартуулап турат. Замира Жумабаеванын түйшүктүү жана сыймыктуу кесибине ийгилик каалап кайттык.

## 8-МАРТ - МАГА КОШ МАЙРАМ



Биздин үй-бүлөбүзгө март айы сыймыктуу жана кош майрам. Анткени 1975-жылы 7-март күнү мен жарык дүйнөгө Ош шаарында келгемин. 8-март 2000-жылы жолдошум Акылбек экөөбүз баш кошкон күн. Быйыл баш кошконубузга 26 жыл болот. Ал эми 8-мартты жалпы эле кыз келиндердин сүйүктүү жаз майрамы катары эс тарткандан такай майрамдап келебиз.

Дайыма 7-8-март күндөрүн үй-бүлөөбүздөгү ыйык күндөр катары туулган күндү, жолдошум экөөбүз баш кошконубузду жана аялдардын, кыздардын эл аралык майрамы катары өтө урматтоо менен белгилейбиз. Эл катары кубанычта болобуз. Март айындагы кош майрамдар үй-бүлөбүздүн кубанычына айланып калганына жакындарыбыз, дос курбуларыбыз кош колдоп, бизди майрам күндөрү өздөрү менен кошо дайыма ынтаалуу куттукташат.

Биз да аларды 8-март майрамы менен куттуктайбыз. Март айындагы жаз мезгилинин жадыраган кыз-келиндердин жалпы эле аялзатынын майрамы катары сезимдерди кытыгылаган романтикалуу күн десек жаңылышпайбыз. Анан калса жаз мезгили майрамдарга толгон учур го. Жаратылыш да жаз мезгилинде кооз кулпуруп жап-жашыл тарта түркүн гүлдөргө бөлөнөт.

Мен орто билимди Ош шаарындагы Барпы Алыкулов атындагы мектептен алгамын. Азыркы ОшМУнун физика-математика факультетин аяктагамын. Эмгек жолум ОшМУнун Психология кафедрасында оператор болуп иштөө менен башталган. Кийин көп жылдар бою кесиптик билим берүү башкармалыгында иштедим. Жолдошум экөөбүз 6 балалуу 1 неберелүү болдук. Аларга татыктуу тарбия берүү менен иш ордубузда ийгиликтүү эмгектенип келүүдөбүз.

Ошондон адам баласы жаз келгенде өзгөчө болуп, жашоонун келечектүүлүгүнө маңыз алгандай кудуреттүү жашоого жаңы күч менен талпынгандай болот. Ушул эмоциялуу оюмду улай жалпы эле жандуу пенде катары өмүр сүрүп келе жаткан аялдарды, кыз-келиндерди жаркыраган 8-март майрамы менен куттуктагым келет. Аларга жан-жаратылышы соо, ар убак жүздөрүн күлкү чайпаган бакубатчылыкта жүрүүсүн тилейт элем. Майрамдагы айтылган баардык ак тилектер өзүбүзгө жалгашуу менен өмүр сүрүүнү тилеп кетмекчимин. Өзгөчө өзүм менен бирге иштеген коллективимдеги кыз-келиндерди зор ынтаада куттуктаймын.

**Гулмира Аликулова, Ош шаары**

## ЖАЗ МАЙРАМ МААНАЙЛУУ БОЛСУН



Өткөн өмүрдөгү бала кезден 8-март кыз-келиндердин, аялдардын эл аралык тилектештигинин күнү катары зор ынтаа менен белгилене турганын билебиз. Өзгөчө бул күн аялзатына таандык майрам катары жан дүйнөбүздө кошо жашап келгенсийт. Азыр да бул күндү мектепте окуп жүргөн мезгилде кандай ынтаа менен тосуп алганыбызды дайыма кубануу менен элестете алабыз. 8-март күнү кошо окуган окуучу балдардын бизге белектерин бергени кыздардын көңүлдөрүн көккө көтөргөндөй болчу. Биз 23-февраль - Советтик Армиянын түзүлгөн күнү балдардын майрамы катары белектерибизди алдын ала тапшырчубуз. Ошондон ушул күнгө чейин аталган майрамдар салттуу күн катары белгиленип калганы абдан сыймыктуу. Бул майрамдар муундар жаңыланганга чейин улана бериринде шегибиз жок. Ошондон биз курактуулар Март майрамын өзгөчө жаз мезгили башталгандагы сүйүктүү майрам катары кубанычтуу белгилейбиз. Бирок өмүрдө жашап көргөн ар бир күнүбүз өзгөчө майрам. Ошонун калпында алганда кыз келиндерге арналган 8-март башкача барктуу экендиги такай сезилип тургансыйт.

Мына кудай арзуу кылган өмүрдүн өр тарткандагы татаал жолунда канчалаган жолу Март майрамын белгилесек да жыл сайын өзгөчөлүгү жаңычылдыкта белгиленип жаткандыгын туюп келесин.

Мен ден соолук тармагында көп жылдар эмгектенгендиктен аталган тармакта кыз-келиндер бул күндү башкача барктоо менен белгилейбиз. Баарыбыз бири-бирибизди куттуктай жакшы сезим сырларын ойготкон сөздөрүбүздү арноо менен көңүлдөрүбүздү бийик көтөрөбүз. Коллективде тегерек олтуруп чай үстүндө куттуктоону да унутта калтырбайбыз. Бул коллективдин ынтымакчылыгы экендигинин белгиси сыяктуу сезилет. Учурда мен Кыргыз-Чек айылындагы үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунда эмгектенип келем. Ден соолук тармагы өзгөчө тармак болгондуктан кыз-келиндер басымдуулук кылабыз. Ошондон биздин мекемеде кыз-келиндердин майрамы өзгөчө шаңдуулукта белгиленет. Учур келгенигинен пайдаланып бардык кыз-келиндерди, өзүм таанып билгендерди 8-МАРТ майрамдары менен чын дилден куттуктамакчымын.

**Данишкан Жоомартова,**
**Кыргыз-Чек айылы.**

## Айымдар эмгекте чоң күч

Аттокурова Шазаада Абдибаитовна Ноокат районундагы Кыргыз-Ата айыл өкмөтүндө социалдык маселелер боюнча жетектөөчү адис. Ал Жусуп Баласагын атындагы кыргыз мамлекетик университетинин экономика факультетин аяктаган. 1986-1991-жылы Ноокат районундагы Тельман атындагы колхоздо экономист болуп иштөөдөн эмгек жолун баштаган. 1992-2010-жылга чейин № 54 Э. Абдираимов атындагы кесиптик лицейде эсепчи, башкы эсепчи, 2011-2023-жылдары Кыргыз-Ата айыл өкмөтүнүн социалдык маселелер боюнча башкы адиси, 2023-жылдан баштап айыл өкмөтүнүн социалдык маселелер боюнча жетектөөчү адиси болуп үзүрлүү эмгектенүүдө. Үй-бүлөлүү 3 уул, 3 кыздын энеси. 2010-жылы "Кесиптик билим берүүнүн мыктысы" төш белгиси, 2013-жылы Кыргызстан Аялдар конгрессинин "Жылдын мыкты социалдык кызматкери" төш белгиси, 2013-жылы айыл өкмөтүнүн Ардак грамотасы менен сыйланган. 2016-2021-жылдары Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы, 2018-жылы КРнын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Ардак грамотасы, 2022-жылы КРнын Жогорку Кеңешинин Ардак грамотасын алган, 2025-жылы "Муниципалдык кызматтын отличниги" сыйлыгынын ээси болду. 2025-жылы КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн Ардак грамотасы менен сыйланган. Коомдук ишмердүүлүгү жана калкка социалдык кызмат көрсөтүүдөгү эмгеги чоң.



Кыргыз- Ата айыл өкмөтүндө социалдык адис катарында аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө, көп балалуу энелерге, улгайган жарандарга жана мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга социалдык колдоолорду жеткиликтүү жана адилеттүү көрсөтүлүшүнө өзгөчө көңүл буруп келе жатат. Социалдык комиссиялардын ишин уюштуруу , үй- бүлөлөрдүн социалдык абалын аныктоо, документтерди тактоо жана калкка түшүндүрүү иштерин жүргүзүү анын эң негизги милдеттеринин бири болуп эсептелет. Шаазада айымдын эмгек жолундагы өзгөчө сапаты адамдардын тагдырына кайдыгер карабастан ар бир маселеге мыйзам чегинде, адамгерчилик менен мамиле жасай билет. Ар дайым бар болгула апалар!

**Б. Ысакова.**

# ОШМУНУН ИЛИМ, ИННОВАЦИЯ ЖАНА ГЛОБАЛДЫК ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДАГЫ ИРИ СЕКИРИГИ

2025-жыл Ош мамлекеттик университети үчүн жаңылануу, өсүү жана ири жетишкендиктердин жылы болду. Өзгөчө макамдын негизинде университет башкаруу, илим, билим берүү жана эл аралык кызматташтык багыттарында жаңы деңгээлге көтөрүлдү. Илимий изилдөөлөрдүн көлөмү өсүп, санариптик платформалар ишке кирип, инфраструктура кеңейди. ОшМУ 4-муундагы университетке айлануу жолунда конкреттүү кадамдарды ишке ашырды.

КР Президенти Садыр Жапаровдун жарлыгынын негизинде Ош мамлекеттик университетине өзгөчө макам берилген. Ал окуу жайга башкарууда, каржылоодо жана окуу процессинде кеңири өзүнчө автономия берди. Университет өзүнүн ички түзүмүн, кадр саясатын, окуу программаларын жана финансылык иштерин өз алдынча жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.

Өзгөчө макамдын аркасында ОшМУ 2025-жылы эмнелерди жасады? Тизмектедик.

## ОшМУ 4-МУУНДАГЫ УНИВЕРСИТЕТКЕ АЙЛАНУУ ҮЧҮН ЭМНЕЛЕРДИ ИШКЕ АШЫРУУДА?

Окуу жай учурда ЖОЖ-ИЛИМ -ӨНДҮРҮШ-КОММЕРЦИАЛИЗАЦИЯ коллаборациясын ийгиликтүү ишке койду. Санай турган болсок, IRCAPS илимий борбору ачылды. Анда абанын булганышы, анын ден соолукка тийгизген таасири изилденет. Ал үчүн үйдүн ичи-сыртында өлчөгүчтөр орнотулат. Борборго Токиодон окумуштуулар келип, ОшМУ адистери менен бирге изилдөө жүргүзөт.

Дагы бири, жаңы курулуп жаткан Медициналык клиниканын алдында онкологиялык оорулары эрте аныктоо борбору иштеп баштайт. Бул жерде студенттер жана медкызматкерлер үчүн онкология, радиология, медициналык информатика боюнча жаңы программалар ачылат. Заманбап технологиялар – жасалма интеллект, биоинформатика колдонулуп, маалымат базалары жана аналитикалык системалар түзүлөт.

Илимий изилдөөлөрдү жүргүзө турган «Спутниктен талдоо жана аралыктан зонддоо» борбору, «Борбор Азия критикалык минералдар инновациялык борбору» жана «Тоо экосистемаларын сактоо жана жашыл инновациялар» консалтинг борбору түзүлүп, учурда активдүү иштеп жатат.

ОшМУ – илим, инновация жана технологияны келечекке айлантып, Борбор Азияда алдыңкы орунга көтөрүлгөн университет!

## SCOPUS'КА 351 МАКАЛА ЖАРЫЯЛАНДЫ

Кыргызстандагы илимий лидерлердин 10%дан көбү ОшМУда иштейт. Бул тууралуу билет белеңиз? Азыр аны сандар менен айтып берели.

Ош мамлекеттик университети илимий даражалуу окутуучулардын саны боюнча өлкөнүн алдыңкы окуу жайларынын катарында турат. 2025-жылы 5 доктордук жана 39 кандидаттык диссертация корголду. Муну менен илимдин кандитаттарынын (+PhD) жана докторлордун саны 600гө жетти.

Быйыл 351 илимпоздун макаласы Scopus базасында индекстелген илимий басылмаларга жарыяланды. 2021-жылдан 2025-жылга чейин алты эсеге өсүп, учурда 857 макалага жетти.

ОшМУнун окумуштуулары Кыргызстанда илимий макалалардын саны боюнча 4-орунда турат. Алардын эмгектери дүйнөлүк алдыңкы абройлуу Q1, Q2, Q3 басылмаларында жарык көргөн. «Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы» журналынын импакт-факторы өсүп, илимий жетишкендиктер дүйнөлүк деңгээлге көтөрүлүүдө.

Университет илимий изилдөөлөрдү социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү чечүүгө багыттап, акыркы беш жылда ички гранттарга 51 млн сомдук долбоорлор ишке ашырылды. 2025–2026-окуу жылында университеттик деңгээлде – 30, улуттук – 3, эл аралык – 8 инновациялык долбоор ишке ашты. ОшМУ 4.0 моделине ылайык өндүрүш жана илимий долбоорлорду интеграциялап, 8 келишим түздү.

ОшМУ – илим жана изденүүнүн борбору!

## ОшМУНУН 100ДӨЙ СТУДЕНТИ КОШ ДИПЛОМДУУ ПРОГРАММА МЕНЕН ОКУЙТ



2025-жылы окуу жайыбыз кош дипломдуу программаларды ийгиликтүү өнүктүрдү. Учурда Орусия, Казакстан жана Кытайдын университеттери менен 22 адистик боюнча активдүү иштеп жатат.

Бүгүнкү күндө ОшМУда 20дан ашык кош дипломдук программа бар. Ал аркылуу 100дөн ашуун студент билим алууда. Анда студенттер эки жыл биздин университетте, эки жыл өнөктөш окуу жайда билим алып, бир учурда эки диплом алышат. Аталган программа 2018-жылдан бери кеңири масштабга чыкты.

Бул программа аркылуу 2024–2025-окуу жылында бизге келген чет өлкөлүк студенттердин саны 10 миңден ашты. Алардын басымдуу бөлүгү Өзбекстандан, Индиядан жана Орусиядан чакырылган. Аталган программа 2018-жылдан бери кеңири масштабга чыкты.

Орусия, Казакстан жана Кытайдын алдыңкы университеттери менен 32 адистик боюнча келишим түзүлүп, алардын ичинен



22 адистик активдүү иштеп жатат. Биздин 12 магистрант Белгород, Томск жана Орусия элдердин достугу университетинде билим алып, эки дипломго ээ болду. 2024–2025-окуу жылында ОшМУга АКШ, Түркия, Индия, Пакистан, Корея, Жапония, Кытай жана башка өлкөлөрдөн 41 окутуучу келип, эмгектенүүдө.

## БИСНЕС ПАРК 3 МЛН СОМДОН АШЫК ИНВЕСТИЦИЯ ТАРТТЫ

ОшМУда студенттик стартаптардын өсүү аянтчасы болгон «Бизнес парк» иш алып барат. 2025-жылы бул жерде 21 стартап команда колдоого алынды. G-Face жана ZN Inclusive долбоорлору 851 миң сом грант утуп алды. Жыл ичинде 602 студент тренингдерден өтсө, 51 стартап ийгиликтүү иштеп жатат. 89 адам туруктуу жумуш менен камсыз болду.

Ал эми 2025-жылы жаңыдан ачылган 14 стартап өз ишин баштады. Алар ар түрдүү булактардан инвестиция, грант, сыйлык түрүндө 3 млн 265 миң 950 сом инвестиция жана грант алып, 23 жаңы жумуш ордун түздү.

Бүгүнкү күндө Бизнес парк тарткан инвестициянын жалпы көлөмү 16,5 миллион сомдон ашты.

## ОшМУнун 1000ДЕН АШУУН СТУДЕҢТИ АЛДЫҢКЫ ОКУУ ЖАЙЛАРДАН БИЛИМ АЛЫП КЕЛДИ

2025-жылы университетибиз эл аралык байланыштарын дагы да кеңейтти. Соңку беш жылда 800дөн ашык чет өлкөлүк студент жана окутуучу бизден билим алып кетти. Ошол эле учурда биздин 1200дөн ашуун студентибиз дүйнө жүзүндөгү алдыңкы окуу жайларга академиялык мобилдүүлүк менен барып келди.

Окуу жай кыргыз тилин жана маданиятын жайылтуу боюнча да чоң кадам таштады. Казакстандагы Евразия улуттук университети менен Ташкент мамлекеттик өзбек тили жана адабияты университетинде биздин маданий-билим берүү борборлорубуз ачылды. Ошол эле учурда бизде казак жана өзбек тилдери борборлору, Москва мамлекеттик университетинин «Ломоносов» борбору активдүү иш алып барууда.

Буга чейин мүчө болуп келген Шанхай кызматташтык уюмунун (ШКУ) университеттеринин ректоратынын статусу быйыл расмий түрдө Ош мамлекеттик университетине өткөрүлүп берилди.

Дагы бир жаңылык – окуу жайыбызга Евразиялык тармактык университеттин Координациялык кеңешинин төрагалыгы да ыйгарылды. Эми 2026-жылы аталган эл аралык уюмдарга ОшМУ төрагалык кылат. Бул – эл аралык уюмдардын университетибизге болгон ишениминин бекемделип жаткандыгынын айкын далили.

Демек, 2025 ОшМУнун глобалдык өнөктөштүктөрү бекемделген, маданий байланыштары кеңейген, эл аралык аренадан татыктуу орун алган жыл болду.

## ОшМУ ДҮЙНӨ ЧЕМПИОНАТЫНДА АЛТЫН АЛДЫ

2025-жыл окуу жайдын спорт тармагы үчүн да ийгиликтер жылы болду. Эл аралык аренадан баштасак. Мисалы, Болгарияда өткөн U-20 дүйнө чемпионатында ОшМУнун студенти Жантөрө Мирзалиев алтын медаль утуп, Кыргызстандын тарыхында алтынчы дүйнө чемпиону болду.

Эркин күрөш боюнча студентибиз Өскөнбай Абдисаматов Champions Cup 2025 мелдешинде күмүш медалга ээ болду. Мындан тышкары, ОшМУнун студенттери Дүйнө жана Азия чемпионаттарында, эл аралык мелдештерде жеңишке жетүүдө.

Ал эми футболдо: «ОшМУ» футбол клубу Кыргыз Премьер-Лигасында 6-орунду ээледи. Клубга Foton үлгүсүндөгү автобус тапшырылды. Кара-Суудa реконструкцияланган «Манас» стадиону командага убактылуу пайдаланууга берилди.

«Университет – ОшМУ» волейбол командасы болсо, Жогорку лигада чемпион аталды. Кыз-келиндер командасы Улуттук лигада экинчи орунду, Волейбол федерациясынын президентинин кубогунда чемпиондукту жеңди.

Баса, «БК Университет ОшМУ» баскетбол клубу да өлкө чемпионатында үчүнчү орунду алды.

Кыргызстандагы жогорку окуу жайлар аралык Универсиадада ОшМУ жалпы командалык эсепте төртүнчү орунду камсыздап, спорттун он түрү боюнча байгелүү орундарды алды. Ал эми кызматкерлер арасында өткөн «Ден соолук» спартакиадасында биринчи орунду ээледи.

## КАЙСЫ САНАРИПТИК ПЛАТФОРМАЛАР ИШКЕ КИРДИ?

Окуу жай 2024–2029-жылдарга арналган маалыматтык-билим берүүсүн санариптештирүү боюнча чоң жол картасын иштеп чыгып, ишке киргизди.

Ушул жол картанын негизинде MyEDU автоматташтырылган окуу платформасы толук иштеп, студенттер жеке билим алуу траекториясын түзө алган алдыңкы системага айланды.

Мындан сырткары mooc.oshsu.kg санариптик билим берүү порталы иштеп жатат. Мында бакалавриат жана магистратура студенттери үчүн онлайн окуу ресурстары толук жеткиликтүү болду. Аралыктан окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн атайын видеостудия ачылып, бир жыл ичинде 300гө жакын видеосабак даярдалды.

Академиялык кызматтарды ачык жана таза жүргүзүү максатында маалым кат алуу процесси толугу менен автоматташтырылып, next.oshsu.kg платформасына өткөрүлдү. Бул– студенттер үчүн ыңгайлуу, ал эми университет үчүн коррупциялык тобокелчиликти азайткан маанилүү кадам.

ОшМУ – санариптик билим берүүнүн жаңы дооруна кадам таштаган университет!

## ОшМУдагы КУРУЛУШ: 100 ОРУНДУУ БАЛА БАКЧА, ЖЕТИ КАБАТТУУ КЛИНИКА

Окуу жайыбыз бир жылда эмне куруп, эмне жаңыртканын билгиңиз келеби? Санайбыз.

2025-жылы «Ыйман» лицейи толук оңдолуп, кайра ишке берилди. 100 орундуу балдар бакчасы модернизацияланды. Курманжан-Датка көчөсүнүн №157 дарегинде 7 кабаттуу медициналык клиника, №12 кесиптик лицейдин аймагында 2 кабаттуу практика борбору, Монуев №5 дарегиндеги ОшМУга тиешелүү жер тилкеге 9 кабаттуу жатакана учурда курулууда.

Жыл ичинде бардык окуу корпустары оңдоп-түзөөдөн өтүп, аудиториялар, конференциялык залдар жаңыртылды. Университеттин өзүнүн эмерек цехи жаңы мебель, шкаф, стол жана стулдарды даярдап берди.

Бүгүнкү күндө ОшМУ 32 окуу имараты, 2 медициналык клиника, 10 студенттик жана 2 мугалимдер жатаканасы, заманбап спорт комплекстери, Ак-Буура жээгиндеги Congress Resort OshSU жана Ысык-Көлдөгү пансионат менен өлкөдөгү эң ири инфраструктуралык мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон университет.

ОшМУ – студент үчүн, сапаттуу билим үчүн, заманбап шарт үчүн иштеп жаткан университет!





# ОшМУнун медицина тармагындагы ийгиликтери

**Ош мамлекеттик университети медициналык билим берүү жана саламаттык сактоо тармагында системалуу реформаларды жүргүзүп, өлкөдө ири клиникалык, илимий жана билим берүү борборуна айланды. Алдыда окуу жайдын медицина тармагындагы ийгиликтери тууралуу айтып беребиз.**

## Башынан айтканда...

Университеттин курамында Медицина жана Эл аралык медицина факультеттери, медициналык колледждер жана дипломдон кийинки үзгүлтүксүз медициналык билим берүү борбору иш алып барат. Учурда он миңден ашуун студент жана ординаторлор медициналык багытта билим алып жатышат.

Окуу жайдын "Ак-Буура" кампусунда студенттер үчүн заманбап шарттар түзүлгөн. Окуу-лабораториялык имараттар, симуляциялык борборлор, виртуалдык лабораториялар жана клиникалык базалар теориялык билим менен практикалык көндүмдөрдү айкалыштырууга мүмкүндүк берет. Студенттер заманбап медициналык жабдуулар менен иштөөнү үйрөнүп, реалдуу клиникалык кырдаалда тажрыйба топтошууда.

## ОшМУда 100гө жакын уникалдуу операциялар жасалды

ОшМУнун Медициналык борбору бүгүнкү күндө өлкөдөгү орган трансплантациясын ийгиликтүү жүргүзүп жаткан алдыңкы клиникалардын бири болуп калды. Б.а. бөйрөк алмаштыруу, жүрөккө стент коюу, тубаса кемтикти жабуу. Булардын баары ушул жылы университетибиздин медклиникасында жасалган уникалдуу операцияга айланды.

Бүгүнкү күнгө чейин: 1 боор трансплантациясы, 4 бөйрөк алмаштыруу операциясы, жалпысынан 100дөн ашуун уникалдуу операциялар жасалды.

2025-жылдын 24-апрелинде рентген-эндоваскулярдык хирургия бөлүмүндө алгачкы жолу жүрөккө кардиостимулятор орнотуу операциясы ийгиликтүү жасалды.

Учурда 82 бейтап эндоваскулярдык ыкма менен операция болуп, жүрөк кан тамырларына стент коюу, мээ тамырларынын аневризмасын жабуу жана тубаса жүрөк кемтиктерин оңдоо сыяктуу татаал жана жогорку технологиялуу операцияларды алышты.

Хирургия бөлүмүндө 110 операция, анын ичинде 20 жүрөк-кан тамыр тигүү операциясы ийгиликтүү аткарылды. Терапия бөлүмүндө 2000ден ашуун бейтап дарыланып, реанимация бөлүмүндө 105 оор абалдагы бейтапка жардам көрсөтүлдү. 6 миңден ашуун жаран амбулатордук жардам алды.

Бул көрсөткүчтөр университеттин клиникалык базасы практикалык медицинанын борборуна айлангандыгын далилдейт.






## "Ден соолук кербени" – социалдык жоопкерчилик

Клиника "Ден соолук кербени" долбоорунун алкагында ай сайын миңге жакын айыл тургундарын акысыз медициналык кароодон өткөрүп келет. Бул демилге алыскы аймактардагы калктын саламаттуу медициналык жардамга жетүүсүн камсыз кылып, профилактикалык медицинанын ролун күчөтүүдө.

Мындан тышкары университеттин студенттери жана кызматкерлери жыл сайын акысыз медициналык кароодон өтүп турушат. Бул ден соолукту сактоо маданиятын калыптандырууга багытталган системалуу иш-чаралардын бири болуп саналат.

## Клиника ишке кирсе, четке чыгып жаткан дарыгерлердин агымы токтойт

Президенттин жарлыгынын негизинде Ош шаарында ОшМУ тарабынан жаңы 7 кабаттуу клиника курулуп жатат. Курулуш иштери толугу менен быйыл, 2026-жылы аяктап, колдонууга берилет. Кампустун аянты 2 гектарды түзөт. Мында 9 багыт боюнча бөлүмдөр курулууда, имарат 312 орунга ылайыкталган.

Жаңы комплексте: 4 операциялык блок, 300 орундуу лекциялык зал, 12 окуу каана, лабораториялар, күндүзгү стационар, илимий-изилдөө жана реабилитациялык борборлор жайгашат. Клиника ишке кирсе, четке чыгып жаткан дарыгерлердин агымы токтойт.

Ошондой эле онкологиялык ооруларды эрте аныктоо борбору иштеп баштайт. Бул жерде студенттер жана медкызматкерлер үчүн онкология, радиология, медициналык информатика боюнча жаңы программалар ачылат. Заманбап технологиялар – жасалма интеллект, биоинформатика колдонулуп, маалымат базалары жана аналитикалык системалар түзүлөт.

Жаңы клиниканын ишке кириши менен студенттер үчүн клиникалык практиканын сапаты жаңы деңгээлге көтөрүлүп, аймактагы калк үчүн заманбап медициналык кызматтар жеткиликтүү болот.

Ошону менен катар ОшМУ түштүк аймактагы эксперименталдык, илимий жана клиникалык медицинанын толук кандуу борборуна айланат.

## Эл аралык кызматташтык жана билим экспорту

ОшМУ дүйнөнүн 33 өлкөсүндөгү 300дөн ашуун университеттер менен кызматташат. Орусиянын 94 жогорку окуу жайы менен өнөктөштүк түзүлгөн. Алардын арасында:

- Урал мамлекеттик медициналык университети;
- И.М.Сеченова атындагы Москва мамлекеттик медициналык университети;
- Тюмень мамлекеттик медициналык университети;
- Башкыр мамлекеттик медициналык университети.

Биргелешкен билим берүү программалары боюнча 68 студент билим алууда. Жыл сайын 30дан ашуун студент академиялык мобилдүүлүк аркылуу чет өлкөлөрдө билим алып келишет.

ОшМУ 25 жылдан ашуун убакыттан бери чет өлкөлүк студенттерди даярдап келет. Бүгүнкү күндө Индия, Пакистан, Бангладеш, Непал, Нигерия жана башка өлкөлөрдөн миңдеген студенттер билим алышууда.




## Эл аралык рейтингдеги орду

Университет "QS Rankings Asia-2026" рейтингине кирген 1526 окуу жайдын ичинде 316, Борбор Азияда 74 университеттин ичинде 22-позицияны ээледи.

Өзгөчө макамга ээ болгон университет билимди, илимди жана өндүрүштү бириктирип, дуалдык окутууну күчөттү. Өз алдынча стандарт түзүү, академиялык жана финансылык автономия ОшМУнун туруктуу өнүгүү модели 2023–2026-жылдарда ишке ийгиликтүү ашууда.

Эл аралык өнөктөштөр менен кош диплом программалары кеңейди. QSтин туруктуулук боюнча рейтингине 2022 университет кирип, ОшМУ курчап турган чөйрө жана коомго тийгизген таасири үчүн 1251, башкаруу боюнча 1107-позицияны ээледи. Жалпы жыйынтыгында ТОП-1500гө кирди. Буга чейин QS Stars изилдөөсүнүн жыйынтыгында 4 жылдызга ээ болгон.

ОшМУнун негизги артыкчылыгы – илимий долбоорлорду коммерциялаштырып, инновацияга инвестиция кылганы. Окуу жайыбыз дүйнөлүк рейтингге ишенимдүү кадам таштаган, Кыргызстанды дүйнөгө тааныткан университет катары бааланды.

"2023–2026-жылдарга туруктуу өнүгүү модели" стратегиясында медицина артыкчылыктуу багыт катары белгиленген. Бул стратегия билим берүү сапатын жогорулатуу, эл аралык аккредитацияны кеңейтүү, санарип технологияларды жана телемедицинаны киргизүү, эки тараптуу академиялык мобилдүүлүктү өнүктүрүү сыяктуу багыттарды камтыйт.

Бүгүн ОшМУ билим берүү, илим жана клиникалык практиканы интеграциялаган эффективдүү моделди ишке ашырууда. Университеттин медициналык багыты региондогу саламаттык сактоо тармагын жаңы деңгээлге чыгарып, жогорку квалификациялуу дарыгерлерди даярдоодо жана калкка заманбап медициналык кызмат көрсөтүүдө маанилүү роль ойноп жатат.

# ПРЕМЬЕРАЛАР ЖУМАЛЫГЫ

*Султан Ибраимов атындагы Ош улуттук драма театрында премьералар жумалыгы өттү. Анда театрдын учурдагы көркөм жетекчиси, Ч.Айтматов атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, таланттуу режиссер Уланмырза Карыбаевдин жогорку чеберчилик менен сахналаштырылган бир катар уникалдуу эмгегине күбө болдук. А. Койчиевдин «Тагдыр жөнүндөгү ыр», С. Жусуевдин «Курманжан Датка» чыгармасы жана А. Володиндин "С любимыми не расставайтесь" драмасы боюнча сахналаштырылган "Кош дегим келбейт" спектакли коюлду.*

## "Бир келип кетчи Ош жакка"

Кыргыз эл жазуучусу Арслан Койчиевдин калемине таандык чыгармалар топтомунун негизинде сахналаштырылган "Бир келип кетчи Ош жакка" спектаклинин ачылышы болду. Бул спектакль аркылуу адамдын оор тагдырын, тунук сүйүүсүн, ата-энеге, бир тууганга болгон сыйды, каардуу согушту, адамдын жаратылыш менен болгон мамилесин абдан ачык көрө алдык. Көрүүчү гана эмес, окуянын ичинде жүргөндөй эле болдук.

## "Курманжан Датка"

Кыргыз Эл акыны Сооронбай Жусуевдин ыр-роман түрүндөгү чыгармасынын негизинде "Курманжан" спектакли коюлду. Анда Курманжан датканын бүткүл өмүрү жана мамлекеттик ишмердиги чагылдырылат. Айрыкча күйөөсү Алымбек датка каза болгондон кийинки анын трагедиялуу тагдырына жана энелик эрдигине, журт энеси катары кеменгерлигине басым жасалат. Ал эми Курманжан датканын ролун ойноого Кыргыз Эл артисти Назира Мамбетова чакырылган. Ошондой эле датка айымдын орто жаш курагын Надира Сарыкова, жаш кезин Каныкей Тумакова аткарды.

Премьерага КР Маданият министринин биринчи орун басары Союзбек Надырбеков катышты жана спектаклди жараткан жамаатты жогорку деңгээлдеги чыгармачылык ийгилик менен куттуктады. Ошондой эле, Ош улуттук драма театрынын "Бир келип кетчи Ош жакка" жана "Курманжан" сыяктуу кыргыз театр искусствосунда өзгөчө жаралган спектаклдерди борбор калаанын көрүүчүлөрүнө да тартуулоо сунушталды.




## "Кош дегим келбейт!"

Александр Володиндин "С любимыми не расставайтесь" драмасы боюнча сахналаштырылган "Кош дегим келбейт" спектакли терең ойго салып, өзгөчө таасирлентти. Анда 5 жаш үй-бүлөнүн сотто ажырашуу иши каралат. Беш жуп. Он тагдыр. Спектакль көрүүчүгө суроо таштайт: Бул алаамат дүйнөдө сүйүүнү жана үй-бүлө бактысын кантип сактап калуу керек?

Бул чыгарма жөн гана сүйүү тууралуу эмес — ал адамдардын бири-бирин түшүнбөй калуусу, текебердик, кызганыч жана айтылбай калган сөздөр кандайча тагдырларды өзгөртүп жиберерин көрсөтөт. Айрыкча жаштар үчүн чоң сабак. Кээде майда көрүнгөн таарынычтар мамилени бузуп, кийин кеч болуп калышы мүмкүн экенин драма абдан таасирдүү ачып берет.

Бүгүнкү күндө мамилелер тез курулуп, тез бузулган заманда бул чыгарма жаштарды сезимди баалоого, ачык сүйлөшүүгө жана сүйүүнү сактоого чакырат. Анткени чыныгы бакыт — бири-бирин түшүнгөндө жана жан дүйнөңө жакын адамды жоготпой кармай билгенде.

Мындай мазмундуу спектаклдер адамды ойлондуруп, жүрөккө жетет. Театрдын керемети да ушунда — сахнадагы окуя аркылуу ар ким өз жашоосуна сарасеп салат. Бүгүнкү кеч, дагы бир жолу маданияттын жана театр искусствосунун коом үчүн канчалык маанилүү экенин эске салды.

Театр жалындуу жаштар менен толукталып, жаңыча көз караш менен жашап жатканы сүйүндүрөт. Театрды ар тарабынан жаңы түс берип, ишин жандандырып жаткан Керимбек Калыкулов жетектеген чыгармачыл эмгек жамаатка жаратман изденүүчүлүк ийгилик! Элге дем, күч бере турган мыкты спектаклдерди күтөбүз!

**А.МАТИЕВА.**

Ой чабыт

# ТӨРТ КӨЧӨДӨ ТӨРТӨӨБҮЗ...

**(башталышы мурунку сандарда)**

Ысмайылдын артынан эле Шааныкан эже кирип келди. Оморбек! Ай, Шааныкан Көчкөнбаевна, Кара-Кулжада ашкана ээлеринен сизден билгиликтүүсү жок го деймин. По моему ушундай болсо керек деп калат. Оморбек көйрөң, дагы адатыңы баштадыңбы? Сенден башка эч ким орусча билбейт дейсиңби. Баягы адатыңа салбай кыргызча эле айта турганыңды айтпайсыңбы деп Оморбекти Шааныкан эже жиреп калат. Андан бетер ичине кирип калган градустун күчү менен билесизби? Мен буларга "дойная корова" белем... Булар деле бир үйдүн ээси. Акылы болсо битинилик кылбай өздөрү деле айттырбай сезет го, деймин да. Мына маңдайымда Ысмайыл турат. Ал бизге күйөө бала экенин билесиз. Кайнагаларын сыйласа белдүү жигит өзү эле билет го деп Шааныкан эжеге карап сүйлөп чоң столдун каптал башында олтурган Ысмайылды кашыгансып "Уугум сага айтам, уулум сен ук" деген макалды да кыраатына келтире айтып Ысмайылды жалт бир карап алат.

Шааныкан эже Оморбектин кажаңдашканына териге кой! "Койчу ойлонгончо короодогу коюу бел ашыптыр" болбойлу. Сенден этчеке чыкчудай эмес деп шарт бурула артын карай жөнөп берет. Ушул саамда эмне болоор экен деп бири-бирибизди аңдымыш этебиз. Калдыбай отурган отургучун тескери айлантып арткы жөлөнгүчүнө колун арта, отурган калыбында эмне кылсаң да бүгүнкү жолугушуу сенин мойнуңда, мына Ысмайыл да келип калды. Күйөө бала болот деп азыр эле айтпадыңбы. Эси болсо кайнагаларын сыйлаша жок дебестир деген дардин билгизет. Ал ортодо өзүн баарыбыздан акылдуу сезгенсиген Абдимитал да каяша капталдуу сөз айтпаса да жүзүнөн болду болбоду тамашанын чындык менен төгүндөлөрүнө бөркүндөй ишенгенсип колун пештолдун кырына коё маанилүү олтургансыйт.

Биз төртөбүз бири бирибизге "Кыздын сыры төркүнүнө маалым" дегендей белгилүү да. Төртөөбүз кандай кажышсак да таарыныч дегенден алыспыз. Бүгүн чокулашып алсак, эртеси эле кучак жайып тосуп алмай адатыбыз бар. Анан эле төө көрдүңбү жок, бээ көрдүңбү жок болуп калабыз. Ошондой күндөрүбүздүн бири го деп Шааныкан эженин кыргыз үй кафеси төрт көчөдө оорун алгандыктан дайым ошол жерде жолукмайды адат кылып алганбыз. Анан калса заман заң-зуң болуп, мурдагыдай жумуш орундарга мен иштен калдым деп шаша турган аргабыз да жок эле. Баары өз тиргилигин кандай өткөзөт эч ким көзөмөлдөөчү болбой калган учур. Ошондон ушундай кажаңдашуулар Оморбектин сөзү боюнча часта, часта жолугушуулар боло турган. Бүгүнкү кездешүүбүз да ошондой окшош күндөрдүн бири.

Төрдө отурган Ысмайыл өзүн бакубат сезгенсип, тулку боюн күүшөп алды да, мейли араңарга мен кошулуп калган соң намокуңарды түшүнүп калдым. Мен бирди шам-шуму менен келтирбесем болбойт го деди. Оморбек ошол жерден Ысмайылды байгеге салган аттай мактап сала берди. Мактоосун күчүнүн жетишинче Ысмайылга багыттады. Мен Ысыкени ушундай эле деп ойлоомун. Ысмайыл берешен. Колу ачык. Айрымдарга окшоштура бербеймин. Муну өзү да жакшы билет деди. Анан өзүн бир түздөп алгансыды. Ичиндеги градустан улам жандай олтурган бизге сарасеп салмак тургай олтурган дасторконду өзү бийлөөгө өттү. Анан Ысмайыл, Оморбек Тойтонович! Сиздин уруксатыңыз менен мен айткан убадамды аткарайын дегенчелик сөзүн айтып бүтө электе эле Оморбек, Шааныкан Көчкөнбаевнаны үнүн бийик чыгара биз отурган каанага келип кетүүсүн өтүнүп калды.

Мындайда соодасын өткөрүүгө ашыккан Шааныкан эже тез эле баш бакты...

-Ой! Оозумдан сөзүм чыга электе эле жетип келдиңиз го. Мынчалык эмне болуп кетти? Баягы эле биз төртөбүз, анан Ысмайыл. Жанагы алдыдагы мен келтиргендегидей болсун деп өзү эле бийлеп кирди. Ой, көйрөң! Дасторконго келтиришго менден, ким эсептешип акчасын ким төлөйт. Шааныкан Көчкөнбаевна акча болбосо "Чар китебиңизге" жазып коесуз да. Илгеркилер айтмакчы "Кырк байталдын карызы да карызбы" дегендей тирүү турсак жаз бар күз бар аласыз да. Мына алдыңызда турабыз го деп Шааныкан эженин ачуусуна сиңдире айтат.

Ушул сөздү угаары менен Шааныкан эже, шарт бурула аркасын көздөй жөнөп берет. Учурдагы кырдаалды тез түшүнгөн Ысмайыл эженин артынан олтурган орунтугунан маанилүү козголо жөнөйт.

Оморбек, Ысмайыл, Шааныкан эже, Абдимитал төртөө райондук керек-жарак коомунда бирге иштегендиктен бири-биринин көңүлдөрүн калтырууга болбойт болчу. Тамырын терең түшүнгөнсүгөн Оморбек ошондон улам Шааныкан эжеге өктөм сүйлөгөнү сүйлөгөн.

Дасторкондо бажоо олтурганды өзгөчө Оморбек көп жакшы көрө турган. Олтурганда шумдана, бажоо бапырандаганды куп келиштирет. Калгандарыбыз анын сөзүн кубаттап, ичинде кири жоктугуна аргасыз ынангансыйбыз. Ысмайыл Оморбекти көп учурларда, анан калса биз деле секин-секин дегендей пасанча кылууга ыктамайыбызды олтурган учурларда көндүмгө айландырып алганбыз. Азыр да ушундай деңгээлде жүздөшүп олтурабыз. Дасторконубуз мол болду го деп Оморбек сөз козгоп калат. Ысмайыл анын сөзүнө азыраак териккенсийт. Ал маанилүү боло, мен эки ооз сөз кошуп койоюн деп алдыңдагы чөйчөктү оң колуна кармайт. Ысмайылдын сунушун Оморбек чай сеники болуп жатса өзүң кеп баштайсыңбы. Айлана тегеректегилерге карап аларга сөз ыйгаруу сенде болбойбу деп Ысмайылды капталдан жиреп калат.

**(уландысы кийинки санда)**

**М. Жуманазаров.**

Прокурордук көзөмөл

# КАМАККА БАЙЛАНЫШПАГАН ЖАЗАЛАР БОЮНЧА СОТТУК ПРАКТИКАСЫ ТУУРАЛУУ

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси эң жогорку социалдык баалуулуктар катары инсанды, анын өмүрүн жана ден соолугун, ар-намысын жана кадыр-баркын, кол тийбестигин жана коопсуздугун коргоону камсыз кылат.

Кылмыш жасаган адамга сот түзөтүү, кайра социалдаштыруу жана жаңы кылмыштарды жасашынын алдын алуу максатында, ошондой эле социалдык адилеттүүлүктү калыбына келтирүү максатында зарыл жана жетиштүү жазаны дайындайт. Жаза жана кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн башка чаралары дене бойго зыян алып келбеши же адамдын кадыр-баркын кемсинтпеши керек.

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза Кодекске анда көрсөтүлгөн жосундардын жазасын жана башка кылмыш-жаза-укуктук кесепеттерин негизсиз оордоткон өзгөртүүлөр киргизилбейт.

Кылмыш жасагандыгы үчүн күнөөлүү деп таанылган адамдарга сот тарабынан жеңил түрүнөн кыйла оор түрүнө өтүү менен камакка байланышпаган төмөндөгү негизги жазалар колдонулат.

Коомдон бөлүп коюу менен байланышпаган жазалар; коомдук иштер, эркиндигин чектөө, белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу, түзөтүү жумуштары, айып. Мында түзөтүү жумуштарынын жана айыптын катуулугу алардын конкреттүү өлчөмү менен аныкталат.

Андан башка, сот анчалык оор эмес жана (же) оор кылмыштар үчүн эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазаны дайындоодо, күнөөлүүнүн ким экендигин, анын пробациялык көзөмөлдү колдонууга берген макулдугун, ошондой эле иштин башка жагдайларын эске алуу менен, соттолгон адамды жаза өтөбөстөн түзөтүү мүмкүн экендиги жөнүндө тыянакка келсе, кылмыш-жаза-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоочу-кубаттоочу чарасы болуп эсептелген пробациялык көзөмөлдү (пробацияны) колдонуу аркылуу аны жаза өтөөдөн бошотуу жөнүндө чечим кабыл алат.

Мындан сырткары, Кылмыш жасаган адамдарга мунапыс берүү жөнүндө мыйзам кабыл алынган болсо, кылмыш-жаза жоопкерчилигинен бошотулушу мүмкүн. Кылмыш жасагандыгы үчүн соттолгон адамдар жазадан бошотулушу же аларга дайындалган жаза кыскартылышы же жазанын кыйла жеңил түрү менен алмаштырылышы мүмкүн, же болбосо мындай адамдар жазанын кошумча түрүнөн бошотулат.

Ошондой эле, биринчи жолу коркунучтуулугу аз жана (же) анча оор эмес кылмыш жасаган он төрт жаштан он сегиз жашка чейинки курактагы бала, эгерде аны тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чараларын колдонуу жолу менен оңдоого болот деп таанылса, сот тарабынан жазадан бошотулат.

**К.Халмурзаев,**
**Ош шаарынын прокуратурасынын прокурорлордун сот өндүрүшүнө катышуусу жана соттук чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө бөлүмүнүн улук прокурору, юстициянын майору.**

## Сынак

А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети төмөнкү кызмат орундарына сынак жарыялайт.

| № | Кафедранын аталышы | Кызмат орундун аталышы | Кызмат орундун саны |
|---|---|---|---|
| | Англис тили жана аны окутуунун усулу кафедрасы | Улук окутуучу | 1 орун |
| 2. | Педагогика жана психология кафедрасы | Кафедра башчысы | 1 орун |
| 3. | Башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана усулу кафедрасы | Кафедра башчысы<br>Доцент<br>Улук окутуучу | 1 орун<br>1 орун<br>1 орун |
| 4. | Кыргыз тили жана адабияты кафедрасы | Доцент | 1 орун |
| 5. | Орус тили жана адабияты кафедрасы | Улук окутуучу | 1 орун |
| 6. | Биология, химия жана жаратылышты пайдалануу кафедрасы | Улук окутуучу | 2 орун |
| 7. | Табигый илимдер кафедрасы | Кафедра башчысы<br>Доцент | 1 орун<br>1 орун |
| 8. | Дене маданиятынын назарияты жана усулдук негиздери кафедрасы | Кафедра башчысы | 1 орун |

Кафедра башчысы кызматы үчүн талап кылынуучу документтер:

1) Ректордун наамына жазылган арыз.
2) Адистерди каттоо боюнча толтурулган өздүк баракча (сүрөтү менен).
3) Резюме.
4) Мурдагы иштеген жеринен мүнөздөмө-жолдомо.
5) Жарык көргөн илимий эмгектердин жана ойлоп табуулардын, окуу-методикалык куралдардын тизмеси.
6) Нотариус аркылуу же иштеген жеринде кадрдык кызматы тарабынан күбөлөндүрүлгөн билими, окумуштуулук даражасы, окумуштуулук наамы тууралуу дипломдорунун жана квалификациясын жогорулатуу жөнүндөгү күбөлүктөрүнүн, сыйлыктарынын, эмгек китепчесинин көчүрмөлөрү.

Кафедранын доценти, улук окутуучусу кызматы үчүн талап кылынуучу документтер:

1) Ректордун наамына жазылган арыз
2) Резюме
3) Адистерди каттоо боюнча толтурулган өздүк баракча (сүрөтү менен)
4) Билими, окумуштуулук наамы жана илимий даражасы жөнүндөгү дипломдордун көчүрмөсү
5) Жарык көргөн илимий эмгектердин жана ойлоп табуулардын, ошондой эле окуу-методикалык куралдардын тизмеси
6) Жарык көргөн илимий, усулдук эмгектердин көчүрмөсү
7) Кафедранын отурумунун протоколунан көчүрмө
8) Факультеттин кеңешинин протоколунан көчүрмө
9) Эмгек китепчесинен көчүрмө.

Конкурска арыз берүү мөөнөтү жарыя чыккан күндөн баштап 1 (бир) ай.

Байланыш үчүн телефон: 0777 74 79 50.

101 билдирет

## Сак болуу – өмүрдү сактоо

Өрт кырсыктарынын ичинен эң кооптуусу турак жайларда чыккан өрт. Анткени ал адамдын жашоосуна түздөн-түз коркунуч жаратат. Акыркы учурларда өлкөбүздүн ар кайсы аймактарында турак үйлөрдө өрт чыгуу фактылары катталууда. Өрт бул бир нече мүнөт ичинде бүтүндөй үйдү каптап кетиши мүмкүн. Мындай кырсыктардын натыйжасында адамдар жабыркап, турак жайлар, эмеректер, баалуу документтер жана жеке буюмдар күйүп кетет. Айрым учурларда адам өмүрү да кыйылат.

Урматтуу Ош шаарынын тургундары жана коноктору, өрт коопсуздугунун негизги эрежелерин сактоо – ар бир жарандын жоопкерчилиги. Турак жайды жылытам деп жылытуучу мештерди же электр приборлорун колдонуп баштадыңыздар. Колдонуордон мурда морлорду тазалап, эскирген электр чубалгыларын ондоп, түзөп, анан колдонгонгот чакырат элек. Этиятсыздык бир көз ирмемде орду толгус жоготууларга алып келиши мүмкүн.

**К.Кыдырбаева,**
**КР ӨКМнин Ош шаары боюнча башкармалыгынын ӨӨААжАКИБнүн офицери, майор.**

## Собрание акционеров

ОАО «УСТА» извещает акционеров, что:
12.04.25г.в г. Ош, ул. Атабаева б/н состоится открытое общее годовое собрание акционеров в здании ОАО «УСТА в г. Ош, по ул. Атабаева, 146 б. в 10-00 утра. Регистрация начинается с 8-30 утра. тел: 996500140118

Повестка дня:
1.Избрание счетной комиссии
2. Отчет ген. директора о финансово-хозяйственной деятельности за 20234
год и утверждение годового баланса, счета прибылей и убытков за 2024г.
3. Отчет рев. комиссии
4. Порядок распределения прибыли.
5. Утверждение бюджета на 2025 г.
6. Выборы членов ревизионной комиссии
7 . Выборы Аудитора
8. Дача согласия на имущественный залог
9. Дача согласия на право подписи подписания контрактов.
10 Дача согласия на подписание кредита
11. О продаже, приобретении и списании основных средств.

***

«Уста» ААК 2025 –жылдын 12 апрелинде Ош шаары, Атабаева көчөсү 146 б дарегинде саат 10:00 до акционерлердин жалпы чогулушунун өткөрөөрүн билдирет.

Каттоо саат 8:30да башталат.

Күн тартиби :
1. Эсептөө комиссиясын шайлоо.
2. Башкы директордун 2024 жылдагы финансылык-чарбалык ишмердиги боюнча эсеп-кысабы жана 2024 – жылдагы жылдык балансты, пайда жана чыгымдарды бекитүү.
3. Текшерүү комиммиясынын отчету.
4. Пайдаларды бөлүштүрүү тартиби .
5. 2025- жылдын бюджетин бекитүү.
6. Текшерүү комиссиясынын мүчөлөрүн шайлоо.
7. Аудиторду шайлоо.
8. Мүлктүк барымтага макулдук берүү.
9. Контракттарга кол коюуда жана кол коюуга укукка макулдук берүү.
10. Кредитке кол коюуга макулдук берүү.
11. Негизги каражаттарды сатуу, алуу жана жокко чыгаруу жөнүндө.

## Акционерлер чогулушу

“АТАКАН” ААК 7-апрель 2026-жылы саат 10-00дө жалпы жылдык акционерлердин чогулушун өткөрөт. Дареги: Кара-Суу району, Кашкар-Кыштак айылы, Ош көчөсү-63. Акционерлерди каттоо саат 9-00дө башталат.

Күн тартиби:
1. Эсептөө комиссиясын шайлоо
2. 2025-жылдын финансы жана чарбалык иштер жөнүндө отчетун бекитүү.
3. Текшерүү комиссиясынын отчету жана аудиторлор комиссиясынын отчетун бекитүү
4. Жылдык бюджетти киреше-чыгаша эсебин бекитүү
5. 2025-жылдын кирешени бөлүштүрүү порядкасы
6. 2026-жылдын бюджетин бекитүү
7. Текшерүүлөрдү дайындоо

## Аукцион

Ноокат районунун прокуратурасы “Земельные реформы ЮГ” ЖЧКнын баалоо боюнча консультативдик агентинин чыгарган корутундусунун негизинде Ноокат шаарынын Ленин көчөсүнүн 22-дарегинде жайгашкан Ноокат районунун прокуратурасынын эски имаратын бузуп чыгарып кетүү боюнча 111 000 (бир жүз он бир мин) сомго бааланган ачык аукциону 2026-жылдын 16-мартында саат 14:00дө өтөөрүн жарыялайт.

## Считать недействительным

В связи с утерей следующие бланки разрешений за 2025 (август) год ОсОО “ДАТ-ТРАНС” (02806201810047)

1. Узбекстан трёхсторонний-транзит 77566
2. 76710
3. 76236
4. 50294
5. 51610
6. 50294
7. 51619
8. 51621
9. 73303
10. 73391
11. 74578
12. 74925
13. 74927
14. 75240
15. 75368
16. 75399
17. 76236
18. 76710
19. 77566

2. Китай двухсторонний-транзит
115267
114200
114367
117105
111774
109753

3. Иран двухсторонний-транзит
1100735

считать их недействительными.

## Жараксыз деп табылсын

Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин кесиптик колледжи тарабынан 2021-жылы Толонбайов Алоудин Жалалидиновичке берилген ТС № 210083660 каттоо номери 1120 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**XXX**

Ош мамлекеттик педагогикалык институту тарабынан 1983-жылы Низамиева Анар Гумаровнага берилген ИВ № 346814 каттоо номери 538 сандуу дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

**XXX**

2010-жылы ОшТУ тарабынан берилген Калматов Уланбек Эшмаматовичке таандык дипломунун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.


Ош облусунун коомдук-саясий гезити
Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
Т.Абдыразаков

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
**Катталуу күбөлүгү**
213623-3310-У-е
**Жазылуу индекси:**
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjan@mail.ru**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 242**
**Нускасы: 2000**

# Энергетиктер - эл кызматында



**1705 кызматкер эмгектенген Ош электр тармактары ишканасы Кыргызстан улуттук электр тармагынын ири бөлүмү. Анын тейлөө радиусу 580 чакырымды түзөт. Ишкана учурда өзүнүн карамагындагы 10 РЭТ аркылуу 345 988 калк, 29 017 калк эмес абоненттерди тейлейт. Мында өткөн жылы көзгө урунарлык көлөмдүү жумуштар аткарылган. Биздин кабарчыбыз жакында ишкананын жетекчиси Жолдубай уулу Тилекке жолугуп, аны менен өткөн жылы аткарылган жана үстүбүздөгү жылы жасала турган жумуштар тууралуу маектешип кайткан.**

**- Тилек мырза, кыш электр тармагы үчүн чоң сыноо эмеспи. 2025-2026-жылдын күзкыш мезгилин ийгиликтүү өткөрүп алдыңыздарбы? Анын жыйынтыгы кандай болду?**

- Жыйынтык жаман эмес, жакшы. Кышка карата даярдык көрүү багытында жүргүзүлгүн жумуштардын алкагында бардык РЭТтерде аба чубалгыларын жана көмөкчү чордондорду кезектеги жана капиталдык ремонттон өткөрүү жумуштары планда белгиленген мөөнөттө аткарылды. Мына ушундай жумуштар өз мөөнөтүндө аткарылгандыгынын натыйжасында бир топ участкалар ашыкча күч келтирүүдөн арылды.





Электр энергиясынын таңкыстыгы мамлекеттик маанидеги олуттуу маселе болуп, аны үнөмдүү пайдалануу максатында шаар мэриялары, райондук мамлекеттик администрациясы айыл аймактарынын башчылары, мекеме уюмдардын жетекчилери менен түздөн-түз жумуштар алынып барылды. Калк арасында түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турду. .

Электр энергиясы боюнча олуттуу чектөөлөр киргизилген жок. Авариялык өчүрүүлөр гана болбосо, башка өчүрүүлөр каттабалгындыгын калайык калк деле айтып турду.

**- “Калк айтса, калп айтпайт” дегендей кийинки жылдарда Ош электр тармактары ишканасында болуп жаткан өсүү, өнүгүү тууралуу жылуу пикирлер айтылып келе жатат. Ага эмне себеп?**

- Энергетика министрлигинин жүргүзүп жаткан реформаларынын алкагында, министрликтин колдоосу менен Кыргызстан улуттук электр тармагындагы жакшы тарапка болгон өзгөрүүлөр-мамлекебиздин экономикасынын көтөрүлүп жаткандыгынан улам экендигин баса белгилеп өтүү зарыл. Чынын айтсак, коомчулук тарабынан энергетиктердин дарегине айтылган жылуу пикир биз үчүн жагымдуу.

**-Тилек мырза, сөздү өткөн 2025-жылы аткарылган жумуштар менен улантсак.**

-Жакшы болот. Жалпысынан алганда өткөн жылы 986 127, 68 миң сомдук жумуштар аткарылган. Алардын баарын терип айтканга узак убакыт керек. Ошентсе да орчундууларына токтоло кетейин. CASA-1000 долбоорунун негизинде “Датка-Сугд” 500 кВ аба чубалгысынын куруу, ЕЕБР долбоору боюнча СИП өткөргүчтөрүнө алмаштыруу жумуштары жасалды.

Өткөн жылдары стратегиялык маанигe болгон эң ири 220/110/10 КВ “Исанов” көмөк чордону боюнча долбоорлор иштелип чыгып, быйыл курулуш иштери башталат. 110/10кВ “Бүлөлү”, 110/35/10кВ “Кара-Шоро” көмөк чордонунун 2-кезектеги курулушу аягына чыкты. 110/35/10кВ “Кулатов” көмөк чордону, материалдык-техникалык запастар менен камсыздалды.

Кара-Суу РЭТинин Отуз-Адыр, Алай районунун Сары-Таш, Ноокат РЭТинин Кулатов, Араван РЭТинин Чек-Абад, Өзгөн районунун Куршаб, Салам-Алик участкасынын административдик, 35/10кВ “Ой-Тал” көмөк чордонуна кезметте тургандар үчүн жана көмөк чордондор кызматынын Ош тайпасына электр слесарлар үчүн кызматтык имаратынын, темир-бетон буюмдарын чыгаруучу цехтин курулушу аткарылып бүттү. Мындан сырткары 70 даана кошумча КТП, 33 даана ГКТП, 3 даана реклоузер орнотуу жумуштары аткарылды.

Аба чубалгылары тууралуу айта кетсек, 35кВ “Дароот-Коргон-Жар-Башы, 35кВ “Кулатов” аба чубалгысынын курулушу аткарылып бүттү. 110кВ “отп. Барсбек” аба чубалгысын курулушунун көп бөлүгү тартылып, калганы быйылкы жылы аягына чыгат.

Объектилерди техникалык кайра куруу жана модернизациялоо жумуштарынын алкагында 110кВ “Табачная”, “Узген”, “Таширова”, “Каратай”, “Гульча”, “Учар”, “Памирская”, “Сары-Таш” көмөк чордондорунда 15 даана ввод-110кВ алмаштырылды. 110кВ “Кок-Жар”, “Ноокат”, “Кашкар-Кыштак”, “Кара-Кулжа”, “Кара-Суу”, “Таширов”, “Анар”, “Учар”, “Барсбек”, “Мады”, “Кара-Шоро”, “Кен-Сай” көмөк чордондорунда 19 даана РВС-110кВ ОПН-110кВ-ко алмаштырылды. 2025-жылдын планынан өткөн 2 даана өчүргүч 1331,53 миң сомго толук аткарылып ишке берилди. 110кВ “Кара-Суу” көмөк чордонуна 2284,64 миң сомго 1 даана өчүргүч келип, аткарылып бүттү.



Ошондой эле СИП-3 маркасындагы аба чубалгысын тартуу,объектилерди чоноййтуу жана реконструкциялоо, электр эсептегичтерин алмаштыруу белгиленген пландын негизинде ишке ашырылды.

**- Эми үстүбүздөгү жылда аткарыла турган жумуштарга токтоло кетсеңиз.**

- 2026-жылы да ишканада ири энергетикалык курулуш жана модернизация иштери аткарылат. Энергетика министрлигинин тармакты жаңылоо багытындагы жумуштарынын алкагында «КУЭТ» ААКнын филиалы - Ош электр тармактары ишканасы тарабынан 2026-жылга карата капиталдык курулуш, реконструкция, техникалык оңдоп-түзөө жана модернизациялоо боюнча кеңири масштабдагы иштер пландалган.

Жалпы пландык иштердин суммасы 527 065,2 миң сомду түзөт.

Жаңы курулуш багыты боюнча жалпы 180 788,8 миң сомдук иштер аткарылат. Анын алкагында: 110/35/10 кВ «Мырза-Аке» көмөк чордонунун курулушу; 110 кВ «Беш-Мойнок» көмөк чордонунун экинчи кезектеги курулушу; 35/10 кВ «Жаны-Арык» көмөкчү чордонунун аймагына энергетиктер үчүн кызматтык үй (СБП) куруу; Ош ЭТИнин борбордук кампасынын аймагында навес куруу; Ноокат РЭТинин аймагында трансформаторлорду оңдоо цехин (ЦРТ) куруу; Ош-2 жана Ош-5 көмөк чордондорунда 5 даана май кабылдагыч жана май чогулткучтарды орнотуу; Таширов, Кыргыз-Ата, Төбө-Коргон, Көк-Жар аймактарында УЭСтерди (участкалардын) куруу; Ноокат РЭТинин имаратына жылытуу системасын монтаждоо жумуштары жүргүзүлөт. Кошумча11 даана КТП, 19 даана ГКТП орнотулат. Бул иштер аймактардагы электр энергиясы менен камсыздоонун ишенимдүүлүгүн жогорулатууга жана жаңы керектөөчүлөрдү кошууга шарт түзөт.

Электр тармактарынын техникалык абалын жакшыртып, авариялык өчүүлөрдү кыскартууга максатында реконструкция жана кеңейтүү багытында 103 239,3 миң сомдук иштер жүргүзүлөт: Тактап айтсак, 35 кВ «Ош-5 – Ош-1» кабелдик линиясынын реконструкциясы - 6,41 км;
6-10 кВ аба чубалгыларын (СИП-3) реконструкциялоо - 50,67 км;
0,4 кВ аба чубалгыларын (СИП-2) реконструкциялоо - 52,34 км;
0,4 кВ кабелдик линияларды жаңылоо - 0,48 км.



Техникалык оңдоп-түзөө жана модернизация боюнча жумуштарынын алкагында 110 кВ өчүргүчтөрдү алмаштыруу - 4 комплект; 35 кВ өчүргүчтөрдү алмаштыруу - 4 комплект; 10 кВ КРУН ячейкаларын орнотуу жана алмаштыруу - 44 ячейка; 35 кВ аба чубалгыларындагы зымдарды кубаттуулугу жогору зымдарга алмаштыруу - 27,9 км; Байланыш конденсаторлорун орнотуу - 2 комплект; КТП шкафтарын ГКТПга алмаштыруу (ТМ менен) - 14 даана; КТП шкафтарын ГКТПга алмаштыруу - 27 даана; Объекттерге инженердик-техникалык коргоо системаларын орнотуу - 3 объект;

Жыйынтыктап айтканда, 2026-2027-жылдардагы күз-кыш мезгилдерине даярдык көрүү максатында каралган бул ири масштабдагы иштер Ош облусундагы электр тармактарынын өткөрүмдүүлүгүн жогорулатууга, жабдуулардын эскиришин азайтууга жана керектөөчүлөрдү сапаттуу, туруктуу электр энергиясы менен камсыздоого багытталган.

**Төлөнбай АБДЫРАЗАКОВ**